Oş Devlet Ünıversitesi
İlahiyat Fakültesi İlmi Dergisi
20-21. sayı 2015

Ош мамлекеттик университети
Теология факультетинин илимий журналы
20-21-саны 2015

# САЛАФИЙ ЖАНА ФАЛСАФИЙ УСУЛ -ТЕОРИЯЛЫК ЖАНА ПРАКТИКАЛЫК КАРАМА-КАРШЫЛЫКТАР БОЮНЧА БОРБОРДУК АЗИЯ АЛКАГЫНДА

**Мевлүт Уянык**
Проф. Док.
Чорум Университетинин
Теология факультети
**Зайлабидин Ажимаматов**
Доц. (PhD).
ОшМУ Теология факультети

**Аннотация**

Алгачкы пайгамбарлардан баштап негизги принциптер (Тавхид-Нубувват-Меад) ар кайсы учурларда жана аймактарда ар түрдүү тилдерде пайгамбарлар (Наби/Расул) аркылуу турмушка ашырылган. Аз. Мухаммед (с.а.в)дан кийин пайгамбар келбей тургандыгы үчүн негизги принциптерди, анын сахабаларынын жана табиундарынын жашоосун көңүл чордонуна алып ар дайым кайрадан окушубуз зарыл.

Мына ушунун негизинде азыркы күндөгү мусулмандардын саясий, экономикалык жана социалдык көйгөйлөрдү чечүүлөрү үчүн эки негизги метод (Салафий жана Фалсафий) пайда болууда. Изилдөөнүн максаты далилдендирүү, талкуулоо жана түшүндүрүү усулунун негизинде ушул эки методдун сапаттык көрсөткүчүн, пайда кылган чечим-сунуштарынын канчалык деңгээлде туура келип келбегендигин иликтөө болуп саналат.

**Ачкыч сөз**: Ислам, акаид, тавхид, салафи, нео салафилик, ваххаби, таблиг, фалсафа.

**Abstract**

Since the first prophets the basic principles (Tavhid- Nubuvvat - Mead) at different times, in different direction and in different languages were spread by prophets (Nabi/Rasul) The Prophet Muhammed a single prophet and there is no prophet after him, that’s why we should observe the main principles and adhere the way of life of sahabas and tabuins.

On this basis, today arose two main methods (Salafii and Falsafii) for the solution of the policies, economic and social issues of Muslims. The aim of research based on the methods of evidence, discuss and explain for revealing of quality and justice of those two main methods.

**Keywords**: Islam, akaid, tavhid, salafi, neo Salafism, vahhabi, tablig, falsafa.

## Киришүү

Заманбап Ислам дининин негизги түшүнүктөрүн калыптандыруу, тарыхтын белгилүү бир учурларында кээ бир коомчулуктардын кээ бир маселелерин чечүү максатында түшкөн

аяттардын жана пайгамбарыбыз (с.а.в) тарабынан аткарылгандарды негиз алуу менен ар дайым жаңыдан окуп учурубуздагы суроо жана көйгөйлөрдү чечүү үчүн теория менен практиканын байланышы аркылуу ортого коюу болуп саналат.[1]

Проблема: Мына ушул жерде Ислам дүйнөсүнүн башка башка жерлеринде ар кандай чечүүнүн жолдорун сүйлөшүү менен бирге тарыхтын белгилүү учурларында чыгарылган чечүү сунуштарын ар кайсы учурларда жана жерлерде, ар кандай маданияттагы мусулмандарга кабыл кылдырууга аракет кылуу ортосунда ажырым келип чыгууда. Кээ бирлери муну чыныгы Ислам/салафиликтин атынан кылып жаткан болсо, кээ бирлери болсо Ибн Халдун менен бирге академиялык метод менен бадавий (чөл)-хадарат (маданий) терминдерине таянып диний бир туугандыкты философиялык негиздер менен жасоого аракет кылышууда.[2]

Бул жердеги негизги маселе азыркы күндө өздөрүн «салафий» деп тааныткандар менен «акаид жана башка диний маселелерде пайгамбар жана асхабынын жолун чын ыклас менен уланткандарга айтылган салафилик»[3] ортосунда байланыштын болуп болбогондугу. М. Саит Хатипоглунун аныктамасы боюнча «Аз. Пайгамбардын сүннөтү жана анын рухун кабыл кылып, анын түшүнүгү менен амал кылгындар (сахаба жана табиун) деген маанидеги Ахли сүннөт»[4] менен канчалык байланышы бар?

Кандайча «Адамдарды Эгеңдин жолуна даанышмандык жана көркөм үгүт аркылуу чакыр. Алар менен көркөм ыкмада талаш...»[5] аятын негиз алган «Салафий салихиндин» методу тескери абалга айланды? Бул маселеде ойлонуу керек. Ал эми, бул маселени терең түшүнүү үчүн метот тууурасында токтолуу зарыл.

**Метод**: Аллах инсандарды жакшылык, жакшы насаат жана мамиле менен даават кылуу керектигине басым жасагандыгы үчүн философтор хикмет/бурхан далилдерин колдонушат. Алгачкы салафилер хитабат, келамчылар болсо жадал/диалектика

---

[1] *Uyanık, Mevlüt*. Bilginin İslamileştirilmesi ve Çağdaş İslam Düşüncesi. –Анкара, 2001. 13-б.

[2] *Uyanık, Mevlüt*, Çağdaş İslam Düşüncesinde Tarihsellik ve Evrensellik Sorunu" Kur'an'ın Tarihsel ve Evrensel Okunuşu. –Анкара, 2011. 133-б.

[3] *Topaloğlu, Bekir*. Kelam İlmi, Giriş.–Стамбул, 2002. 81-82-бб.

[4] *Hasan Onat -Sönmez Kutlu*. İslam Mezhepleri Tarihi.–Анкара, 2002. 345-б.

[5] Нахл сүрөсү. 125-аят.

жолун тандашкан.[1]Учурубуздагы «салафий» деп аталгандардын колдонгон хитабат методдорун терең иликтейбиз. Бирок, нео-салафий метод менен фалсафий метоттун ортосундагы келишпөөчүлүк, карама-каршылыктарды жаратып жаткандыгын баса белгилөө зарыл.Анткени, салафий метот философияга жалпы өңүттө анализ кылып, динге каршы агым катары көрөт. Ислам динин изилдеген бир адамдын хижранын үчүнчү кылымына чейинки салафий окуусу менен учурубуздагынын ортосунда байланыш куруусу аябай кыйын. Анткени, салаф мурдагы учурларда агым/фырка болбостон, алгачкы учурдагы түшүнүктү сактап калууга аракет кылган гана нерсе болгон. Мазхабташуу процесси экинчи кылымдын орто ченинен башталып, Ахмед бин Ханбал менен калыптанып, Ибн Таймия жана Ибн Кайийм Жавзия (өлгөн жылы 751-ж.) аркылуу системалашкан. Ал эми, Мухаммед бин Абдилвахабдын окуусу ушул жолду улантуу менен анын ашыкча пикирлери аркылуу толук түрдө фанатизмге айланган.[2]Ошондуктан инсандар «салафи-салихин» деп жакшы ниетте айтуу дагы «Исламфобия» менен күнөөлөнүүгө жол ачат деп корко турган абалга келишти.[3]

Бирөөндө адамзаттын Аз. Адамдан (а.с) (ысым же сыпат кайсынысы болсо да) баштап багытын илахий жана инсаний билим категориясында иликтеп (фалсафа тарыхы) Аз. Мухаммед (с.а.в) менен жыйынтыкталган эң акыркы моделди биринчи орунга коюуп, болуп өткөн окуяга жакындашууга аракет кылууну каалайт. Экинчисинде болсо, Ислам акыйдасынын пайда болуу этаптарын эске албастан[4] «сахаба жана табиун методун улантып жатабыз» дегендердин (нео) салафий окуусу (тавхид/акаид).

Фалсафий методдо болсо Исламий маалыматтар эң жогорку тил катары сунулат. Философия тармагында эң жогорку деңгээлге жетишкен Иранда деле шариат же илахият илимдери окутулган жерде фалсафага орун берилбейт. Фалсафа өзүнчө бөлүм катары каралат. Сауд Арабия болсо салафий болгону үчүн ансыз деле философияны окутушпайт. Тавхид илиминен бир гана акыйданы түшүнүшөт. Жакынкы чыгыштагы араб өлкөлөрүндө (Иордания, Йемен ж.б.) философия аклий, тавхид жана акыйда илими негизги диний илим

---

[1] *Topaloğlu*. 85-867-бб.

[2] *Kubat*. 236; 239-бб.

[3] *Uyanık, Mevlüt.*Medya ve Müslüman İmajı, Müslüman İmajı.-Ankara.(Куттуу Жумалык жыйнагы 1995).287-294-бб.

[4] *el-Oşi, Siracüddin Ali b. Osman*.Emali ve (Aliyü'l-Kari) Şerhi, түрк тилине которгон Şahver Çelikoğlu.-Стамбул, 2011. 17-б; Topaloğlu, Bekir.*Kelam İlmi, Giriş*.–Стамбул, 2002. 19-б.

катары бири-биринен башка окутулат. Бул аймактарда мусулмандар ортосундагы карама-каршылыктар азыркы күндө дагы улануууда жана ар бири өздөрүн Ислам окуусу менен түздөн-түз байланыштырышууда.[1]

**Максаты жана маанилүүлүгү**

Орто Азиямамлекеттеринин ичинде «демократиянын чөлкөмү»[2] Кыргызстанда билим берүү тармагында эмгектенген жылдары Арап жана Афганистан-Пакистанга таандык жамааттардын (Салафилик/Вахабилик, Таблиг жамааты, Хизбуттахрир) басымдуу экендигине күбө болдук. СССРдин таркашы менен Ислам дини «азчылык» деген түшүнүктөн арылып, Орто Азия, түндүк Кавказ өлкөлөрүндө эң көп кабыл кылынган дин абалына келген.СССРдин бузулушу менен бул аймактарда Ханафий/Матуридий мазхабы, же Салафилик деп аталган Вахабилик менен Шиа болушу мүмкүн эле.[3] Белгилүү болгондой Сүннийликтин атынан Нео Салафий/Вахабий окуусу басымдуу.

Алар акылды колдонууну, башкача айтканда философияны зындык (мусулман эмес, бирок өздөрүн мусулман катары көрсөткөн) деп эсептешет. Акылга өтө чоң маани берген аалымдар жашаган жерлердедагы Салафий окуусу кенен таркала баштады. Тээ эзелтен бери бул аймакта кенен орун алган тасаввуф (Накшибендия жана Ясавия)[4] тарикаттары дагы куфур катары таанытылууда. Башкача айтканда, акылга да, дилге да ыроологон диний түшүнүктөр жок кылынууда.

Атеисттик жана материалисттик окууга негизделген СССРдин таркашы менен Борбордук Азия өтө чоң өзгөрүүгө дуушар болду. 130 этникалык элдер жашаган бул аймак Ислам, Христиан жана Буддист окууларынын кесилишкен жери. АКШнын саясатына ылайык «маданияттар салгылашуусу» деген гипотезаны колдогондордун пикиринде Ак деңизден Кавказга жана Борбордук Азияга чейинки аралыкта мына ушул

---

[1] http://www.haberlotucom/2011/10/18/Arap-dunyasinda-donusumler-yemen/ http://www.haberlotucom/2012/01/21/İslam-demokrasi-ve-siddet-baglaminda-koktendincilik-kavraminin-tahlili/

[2] *Karasar, Hasan Ali*. Bağımsızlıklar Sonra Türkistan’da Rus Siyaseti, Avrasya Dosyası.–Анкара, 2001. 6-том. 4-саны. 240-б..

[3] *Günden Peker*, İslamiyet Orta Asya’da Mit mi Gerçek mi?- Анкара, 1996. 3-том. 3-саны, 73-б.

[4] *Roy, Olivier*. Yeni Orta Asya ya da Ulusların İmal Edilişi.Түрк тилине которгон Mehmet Moralı.Стамбул. 200-б.

салгылашуу болот.[1] Мына ушундан улам Роосия федерациясы СССР мезгилинде калыптанган Евразиялык окуусун эл аралык саясаттын куралы катары колдонууда. «Жаңы Евразия» саясатында аймактагы этникалык жана улуттук идентичностун биримдигин сактап кала турган жалгыз жол катары көрүлөт. Америка империясы жан Батыш жалгыз полярдуу дүйнөнүн ордуна көп полярдуу дүйнөнү түзүү керектигин айтат. Бул трайбалистик эмес, башкача айтканда сырткы таасирлерден геосаясий жактан СССРден кийинки Россиянын элинин санынын көбөйүүсүнө тоскоол болуу. Муну болсо «жакынкы аймак стратегиясы» аталышы менен СССР өзүнүн аймагын сактап калуу үчүн жасаган.

Ушуга байланыштуу радикалдык Ислам кыймылына каршы болгонун айтканына карабастан, радикалдык террордук жактан эң алдыңкы өлкө экенин белгилей турган болсок[2], Салафий жана Нео-Салафий окууларынын Орто Азиядагы абалын кайрадан карап чыгууга туура келет. Анткени, бул аймакта 1989-1990, 2005-2010-жылдарындагы кагылышууларга диний айрымачылыктар/мазхабтардын ортосундагы карама-каршылыктар да кошулган. Маданияттар салгылашуусу гипотезасынын алдыңкы этабына, башкача айтканда бир диндин мазхабтары ортосундагы кагылышуулары башталгандыгын көргөндө[3] проблеманын Исламды жайууда эмес, бул аймактагы негизги күчкө ээ болуу экени айкын болууда.

Шии-сунний проблемасы бир чекеде калып, суннилер ичинде «Чыныгы Ислам» деген аталыштагы билдирүүлөр айтылууда. Ислам дүйнөсүнүн бир канча жеринде мазхабтар ортосундагы кагылышуулардын болушу, Кытай маданияты менен Батыш маданияты ортосундагы кагылышуусунун ордун тилекке каршы, Ислам өз ичиндеги (сунний/шии) кагылышуулары толуктоодо.[4]Вахабий окуусу тарабынан негизделген Ихван уюму тарыхый жактан да капырларга жана жаңы мусулман болгондорго (булардын ичинде шииттер көп) каршы жихат кылууну биринчи шарт катары көрүшкөн.2003-жылы Ирактын талкаланышы менен жанданган сунний-шии кагылышуусу, өзгөчө Сирияда болгон окуялар менен дагы да

---

[1] *Peker.* 82-б.

[2] *Karasar*. 223; 235-бб.

[3] *Bacaun, Saule*.Orta Asya ve Özbekistan'da İslam ve Köktendincilik. Avrasya Dosyası. 7-том. 3-саны.- Анкара,2001. 81-85-бб.

[4] *Onat –Kutlu*. 505-б.

алоолонуп, жайылуу коркунучуна алып келген.[1]Сирия, Иран жана Хизбуллахтын колдоосу менен шии блогу түзүлгөндө,[2] Кытай жана Россия буларга ачык-айкын колдоосун билдирген.[3] Ошону менен бирге кээ бир шии аалымдары Хизбуллах жана Сириянын бири-бирине колдоо көрсөтүүсүн туура эмес деп белгилешүүдө.[4]

Бул мамлекеттердин биригүүсүнүн себеби эмне деген суроонун жообу, диний же идеологиялык эмес, аймактагы электр-энергия линиясына ээ болуу. Осмон мамлекетинин кулашында Вахаби окуусунун болгонун билгендер Сауд Арабия жана Түркия мамлекетинин бирдиктүүлүгүнүн логикага туура келбей тургандыгын билишет. Египетте мамлекет башчысы болуп шайланган Ихванул-муслимин уюмуна таандык Мурсинин аскердик сокку менен бийликтен алынуусунун аркасында Сауд Арабиянын болгондугу айкын болду.[5]Макаланын темасы жагынан мааниси Сирияда Ахли суннага каршы сунний/салафий окуусунун атынан жихат ачкан Сауд бийлигинин Египетте сунний (Ихванул-муслимин) бийликти кулатуу үчүн салафий партиясын колдоосу.[6]Буга «оома Салафилик» деп атаса да болот. Анткени, Египетте биринчи жолу бийликке келген ахли сунна окуусуна жана лидерине каршы көтөрүлүшчүлөр менен бирге болууда. Ошол эле учурда Сунниликтин атынан Сирия бийлигин шии/нусайри деп бийликтен кетүүсү үчүн аракет кылууда. Андай

---

[1] http://yenisafak.com.tr/yazarlar/idrisSaruhan/mezhepcilik-2003te-basladi/39336 http://www.turkiyetime.com/arsivler/2832

[2] http://www.ankarastrateji.org/haber/hizbullah-neden-suriye-de-742/ http://www.zaman.com.tr/dunya_esed-hizbullah-ittifaki-kusayra-olum-yagdiriyor_2092318.html.
Suriye'de Sünni Türkmen ve Arapların dışında şii Araplar ve Nusayri ile Durzilik şeklinde aşırı yorum diyebileceğimiz mezhepler vardır. Özellikle Nusayriliğin Arap Alevi diye nitelendirilmesi önemlidir..

[3] Иран Орто Азия саясатында Россиянын саясатына карап өзүнө упай топтоого аракет кылууда. Россиянын күчүн теңдештирүү үчүн Кытай жана Индия менен жакындашууда. Karasar.242-б.

[4]http://www.gazeteport.com.tr/haber/135027/hizbullahtan-suriyede-dengeleri-degistiren-tercih; Ливандагы Хизбуллахтын алгачкы генералдык катчысы Шейх Субхи Туфайлинин Иран жана Сауд Арабия бийлигинин мазхабчылыкты алдыга алып чыгуусунун Ислам үммөтүнүн башына келген кырсык экенин белгилөөсү өтө маанилүү.

[5] h Hikmet Gök Mısır darbesini Suudi Arabistan finanse ediyor! http://m.haber10.com/haber/default.aspx?id=389130#.UdVjoy-Vc94.twitter;

[6] http://www.aktifhaber.com/suudi-arabistan-darbeyi-neden-destekledi-819435h.htm http://www.kentgazetesi.com/haber.php?h=5550-_misir_darbesine_destegin_belgesi!_.html

болсо бул жерде максат салафилик жана ахли суннанын алдыга чыгуусу эмес, социо-саясий темаларда Сауд Арабия окуусунун алдыга чыгуусу. Ошондуктан салафий окуусунун «ахли сунна» деп аталган суннилик менен байланышы туура келбейт. Анткени, салафиликтин жаңы аталышы нео-салафилик мамлекеттик идеология абалына келген. Шиа Иран мамлекетинин идеологиясы болгону үчүн эки мамлекет ортосунда ар кандай маселеде карама-каршылык болууда.Коркунуч мына ушул жерде.Түркия светтик мамлекет болгонуна карабай шии-сунний кагылышуусуна аралаштырылууга аракеттер кылынууда жана ушунун негизинде саясий пародокстарга туш келүүдө. Мисалы, Түркия Египеттеги окуяларда Сауд Арабия менен карама-каршы болгон болсо, Сириядагы окуяларда ал аймакта «Сафавий линиясы» курулуп жатат деген шылтоо менен эки мамлекет паралель иштөөдө деп көрсөтүлүүдө.[1]

Түркияда болсо шии жана сунний полярдуулуктунсалафиликтин атынан жүрүп жаткандыгы айтылып, расмий өкүлдөр[2] тарабынан мындай ажырымдын сыртына чыгуу керектиги белгиленүүдө. Түркия светтик жана демократиялык мамлекет катары мазхаптардын кагылышууларына тарапкер болбоосу зарыл. Түркия шиит окуусуна тиешеси жок Анатолия алевилиги жана суннилик ортосундагы келишпөөчүлүктөн сырткары мына ушул көйгөйгө да туш болууда. Алевий/сунний; шиит/салафий аталыштары менен кайрадан Исламдын ичиндеги келишпөөчүлүктөр кагылышууларга айланттырылууга аракеттер кылынууда.[3]

Түркиянын да башынан өткөрүп жаткан көйгөйлөрдөн бири Ахмет Ясавинин алевий экендиги туурасындагы пикирди Орто Азиядагы мусулмандар арасында да жайылтуу пландары. Суннилик атынан чыгып жаткан салафилик менен шиит

---

[1] http://www.wsj.com.tr/article/SB10001424127887323407104579036710962999646.html

[2] http://yenisafak.com.tr/politika-haber/mezhepcilik-fitnesini-bitirmek-zorundayiz-28.08.2013-558567

[3] http://www.aktifhaber.com/erdogan-alevi-sunni-gerilimi-isteniyor-809973h.htm http://yenisafak.com.tr/politika-haber/amac-mezhep-gerilimi-24.06.2013-534967http://www.haberler.com/aribogan-alevi-sunni-fay-hattinda-yeni-gerilimler-4756581-haberi/ oldukça radikal bir değerlendirme için bkz. AnadoluSünniliğinekarşı, Selefilik ve Şiîlik projesi,

http://www.turkiyetime.com/arsivler/349

ортосундагы маселени чечүүнүн жолу «Анатолия алевилиги»[1] деп айтып, Борбордук Азияга чейин жайылтуу канчалык деңгээлде акылга туура келет?

Түркия шиит окуусунан толук башка экендигин билдирүү үчүн Анатолия алевилиги жана суннилик ортосундагы келишпөөчүлүктү (мечит жана жемеви бир жерде) чечүүдө башка кагылышууларга да жол ачуудан оолак болуусу зарыл.

Суроолор:

Жаңы салафилик аталышынын салафия, асария, ахли хадис же «ахли суннати хаасса»[2] менен байланышы барбы? «Жаңы салафий» деп аталган идеология салафи салихин, башкача айтканда «сахаба жана табиун» окуусунан[3] узакташып, вахабилик идеологиясына айланган. Ошондуктан салафилик деп айткандын ордуна «нео салафилик» деп айтуу туура болот.[4]Макалабыздын негизги максаты классикалык салафилик менен жаңы салафиликтин айрымасын ортого коюп, практикадагы databародокстарды ачыкка чыгаруу.

## I НЕО-САЛАФИ ОКУУСУНУН НЕГИЗГИ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ ЖАНА ИЧКИ ПАРОДОКСТАРЫ

### 1. Тарыхый анализ

Тарыхый жактан салафий окуусу куран жана сүннөттөгү принциптерге акыл жана пикир жүгүрбөстөн, таъвил кылбастан баш ийгендиктерин айтышат. Ибн Таймия (өлгөн жылы 728/1328) тарабынан салафий окуусу, башкача айтканда сахаба жана табиун учуру негиз алынып жаңылануууга аракет кылынды. Ибн Таймия «Мутааххирин салафиянын» өкүлү катары «Мутакаддимин салафия» тарабынан келам китептерине салынган тыюуну (харам эсептеген) жокко чыгарып, келамчылардын жана философтордун китептерин окуп, туура эмес жерлерин сынга алган.[5]

Учурубуздагы нео-салафилик үчүн философия жана акылды колдонбоо принцип абалына келген. Азыркы күндө Мухаммед бин Абдилвахаб (өлгөн жылы 1260/1792) атына негизделген вахабилик салафилик окуусу менен бир абалга келген. Вахабилик саясий кыймыл болуу менен бирге теориялык

[1] http://www.sabah.com.tr/Yazarlar/guzel/2013/09/17/alevler-canimizdir

[2] Матуридия жана ашария итикадын камтыган агымга“ахли суннати аамма” деп аталат. *Kubat*. 239-б.

[3] *Topaloğlu*. 113-б; *Fığlalı, Ethem Ruhi*.Çağımızda İtikadi İslam Mezhepleri.- Стамбул, 1999. 70-б.

[4] http://tr.wikipedia.org/wiki/Selefiyye

[5] *Topaloğlu*. 117-б.

жагы диний негизде түзүлгөндүгү үчүн каршылаштары тарабынан Мухаммед бин Абдилвахабтын атынан улам аташкан. Бирок, алар өздөрүн «мувахxидун» деп аташат. Ошону менен бирге алардын «салафий» деп аталышын туура эмес деп, диний жана академиялык термин катары «вахабилик» деп аталышын туура деп эсептейбиз. Түндүк Кавказиядан баштап Борбордук Азияга чейинки географиялык аймакта өздөрүн «салафий» деп атаган топтордун теориялык көз караштары Мухаммед бин Абдилвахабдын окуусу экендигин көрсө болот.20-кылымда сүнниликтин ичиндеги бардык радикалдык жана фундаменталдык агымдарды ичине камтыган абалга келген.[1]

Дирия шаарынын амири Мухаммед бин Сууд менен мамиле кылган Абдилвахаб анын толук колдоосуна эгедер болгон. Ал каршылаштарын «мушрик»[2] деп өзүнүн иш-аракетин баштаган. Отуз жыл бою күрөштүн натыйжасында Сууд династиясы Нажд аймагына ээ болуп, вахаби окуусун жайылтты. Бул окуунун жайылуусу менен бул аймактын саясий жана маданий өзгөчөлүктөрү ортосунда түздөн-түз байланыш бар. Ислам тарыхында жалганчы пайгамбар жана зекет берүүнү четке кагуу (ридда) сыяктуу окуялар ушул аймакта жүзөгө ашкан. Бул аймакта географиялык жактан төө жана кой багуу менен алектенген бадавий/кабилавий элдер жашашкан. Алгачкы жолу жаңыча түзүлүштөгү мамлекет менен Осмон мамлекети учурунда таанышышкан.[3]

Вахаби окуусу Амирдин уулу Абдилазиз жана небереси Сууд мезгилинде жарым аралдын сыртына чейин чыккан.[4]Вахабилер өздөрүн «фыркатун-нажия» (бейишке кире турган фырка), «ахлул-истикама» (эң туура жолдун өкүлдөрү) жана «ат-тайифатул-мансура» (Аллахтын жардамына жана жеңишине татыктуу топ) деп аташууда.[5] Өздөрүнүн окуусун кабыл кылбагандарды четке кагуу үчүн «такфир» сөзүн колдонуп, алардын мал-мүлкүн талап-тоноо жана өлтүрүүгө

---

[1] *Muiniddin Ahmad Khan.*A Diplomat's Refort on Wahhabism of Arabia.Islamic Studies. vilt.7.–islamabad,1968. 33.

[2] Анын ширк тууралуу пикирлери тууралуу караныз: *Ибн Абдилваххаб, Мухаммад* .Keşfu'ş-şubuhat.–Мекке, 1987.5-б.

[3] *Kurşun,Zekeriya. Necd*. ТДВИЭ. –Стамбул, 2006. 32-том. 491-492-бб; *Yüceer, İsa*. Kelam Fırkalarında Yöntem.–Konya, 2007. 394-б.

[4] *Hulusi Yavuz.*Abdülaziz b. Suud TDV İA, ТДВИЭ. – Стамбул, 1988.1-том. 194-195-бб.

[5] *Büyükkara, Mehmet Ali*.11 Eylül'le Derinleşen Ayrılık: Suudi Selefiyye ve Cihadi Selefiyye. Dini Araştırmalar. 7-том. 20-саны. 206-б.

уруксат беришүүдө. Алардын пикиринде мазарлар ширк жана тавассул болуп, кыйратылуусу зарыл.

Осмон мамлекетинин кулашына вахабилер чоң салым кошушкун. Алар Осмон мамлекетиндеги Исламды чыныгы Ислам дини эмес деп эсептешкен. Ошондуктан «Аллах жолунда жихат кылуу» деген сөздөрүнө көңүл буруу керек.[1]Алар «Аллахка даават кылгандын, Жаратканга жардам кылып колунда күчү-кудурети болбосо, дааваты тез эле өчөт, аброю жоголот. Аркасындагы жардамчылары да азаят. Мындан сырткары дааватты жайылтууда, каршы чыккандардын мизин кайтарууда жана акыйкатты орнотуп, батылды (акыйкаттын терси) жок кылууда курал-жарактын жана күч-кубаттын аябагандай зор таасири бар» деп айтышат.[2]

Анын окуусун билбегендер жахил (караңгы), ырымчыл, Аллахтын динин жана тавхитти билбегендер. Бул айтылгандарга каршылаштарынын айткан жооптору жана аракеттери эч натыйжа бербей тургандыгы анык. Ошол күндөн азыркы күнгө чейин ушул сөздөрдү колдонушат. Англия менен түзгөн келишимдин негизинде Нажд, Хаса, Катиф, Жубайл сыяктуу аймактарда өздөрүнүн мамлекеттерин курушту. 1913-жылы «Арап жарым аралындагы алгачкы улутчул кыймыл» деп аталган Ихван уюмун негиздеп, аракеттерин жихат термининин негизинде жүргүзүштү. Өзгөчө, Осмон мамлекетине каршылыкты күчөтүү үчүн амал ыймандын жана тавхиттин бир бөлүгү экендигин билдиришкен. Чоң күнөө кылгандарды такфир (капыр деп күнөөлөө) кылгандыктары үчүн[3] кээ бир тарыхчылар аларды «нео-харижилик» деп да белгилешкен.[4]

Абдилвахабтын пикирлерин башында колдогон Йемендик Амир ас-Санаъани анын өлтүрүү жана талкалоо аракеттерин көрүп Ибн Таймия жана жактоочуларын туура эмес түшүнгөндүгүн айтып, алардан узакташкан. Анткени, Абдилвахаб каршылаштарынын мал-мүлктөрүн «чыныгы мувахиттерге» адал экендигин билдирген. Мындай билдирүү билими төмөн инсандардын талкалоо аракеттерин күчөтүп,

---

[1] *Bahaddin Yazıcı.*Sıcak Nokta: Orta Asya –Orta Asya'da Yeniden Yapılanma ve Terör, – Стамбул, 2003. 133-б.

[2] *Yarlıkapov A*. Kuzey Kafkasya'da Köktendincilik ve Vahabilik Sorunu Hatem Cabbarlı ve Araz aslanlı. Avrasya dosyası ASAM - Анкара, 2001. 4-саны. 211-б.

[3] Караныз:*Ибн Абдилваххаб, Мухаммад*. Китабул кабаир.–Рияд, 1987. аттуу эмгегинде Исламдын беш негизги принцибин жалпак тил менен түшүндүргөн.

[4] *Onat –Kutlu*. 483-488-бб.

өздөрүн чыныгы тавхит тарапкери, каршылаштарын мушрик катары көрүүлөрүнө өбөлгө болгон. Мындай аракеттери менен Ибн Ханбал жана Ибн Таймиядан бөлүнүп, харижиттерге жакындашууда.[1]

Ушундай коркунучту көргөн сууди салафилердин кээ бирлери чоң күнөө кылгандардын капыр болбогондугун, муну айткандардын харижит экендигин айтышат. Булардын капыр деп айтуунун укуктук жана социалдык жыйынтыктарынан кабары бар. Анын ордуна «кичине куфур» деген терминди колдонушат. Эң маанилүүсү аль-валаа башкача айтканда, мусулмандар менен достошуу, аль-бараа башкача айтканда ыймансыздардан узакташуу.[2] Сауд Арабиядагы шииттердинМухаммед бин Абдилвахаб тарабынан капыр, мушрик жана сапык (ыйманы бузук) катары эсептелиши азыркы күндө да бийлик тарабынан кабыл кылынууда. Алардын Аз. Абу Бакир жана Аз. Умарды четке кагып, кыянат кылгандыктарын белгилеп, диний жактан өзгөчө буга көңүл бурулууда. Ал эми, сырттагы шииттерге каршы аракеттерди колдошууда.

Уламаа консейинин мүчөсү Мухаммед бин Салих аль-Усаймин муну Яхуди жана Христиандардын жасаган бардык нерселеринен да чоң кыянат деп белгилөөдө. Мындан сырткары шииттердин Багдад халифалыгынын кыйрашында жана моңголдордун басып алууларында тиешеси бар экендигин да айтышат. Ошондуктан мамлекеттин ичинде болсун, сыртында болсун шииттерге каршы аракеттер мына ушул диний негизде жүргүзүлүүдө.[3]

**2. Учурдагыабалы**

Өзгөчө, 1990-жылдары өз иш-аракеттеринкүчөткөн перс булуңундагы өлкөлөр жана Афганистан, Пакистан, Бенгладаште билим алган жаштар араб тилин билбегендиктери үчүн традициялык Ислам түшүнүгүн тутунгандарга каршыуниверсалдуу Ислам түшүнүгүн таңуулашкан. Афганистан согушунда СССРге каршы согушушту жана «Жихадий салафилик» окуусун түзүштү. (Жихат сөзүнүн Ислам дининдеги маанисин бурмалабоо үчүн Батыштын бул сөздү териндештирүүсүнө каршымын. Анын ордуна «төңкөрүшчү салафилик» сөзүн сунуш кыламын. Бул сөз эл аралык литературада кабыл кылынды.) Бул окуунун өкүлдөрү (Усама

[1] *Cook*. 492-б.
[2] *Onat –Kutlu*.504-б.
[3] *Büyükkara*. 216-б.

бин Ладен жана тарапкерлери) 1744-жылы Дирия келишими менен пайда болгон Суудий салафиликтен башка экендиктерин жана аларга каршы болгондуктарын билдиришүүдө.[1]Суудий салафилик өздөрүн алардан башка экендиктерин айтса да, АКШ саясаты менен паралель иш жүргүзсө да, 2001-жылдын 11-сентябрынан кийин Сауд Арабия терроризмдин болбосо да Ислам радикализмдин/фундаментализмдин шериктеши катары көрүлдү. Мындан сырткары Сауд Арабия ар дайым АКШнын саясатын колдогонуна карабастан, жихадий салафилик болсун, суудий салафилик/вахабилик болсун вахабилик окуусун кабыл кылган мусулман экстремист, террорист катары айтыла башталды. Суудий салафилик болсун, АКШнын аймактагы аракеттерине каршы экендиктерин айтып, Ирактагы шииттерге каршы согуштарды жасаган жихадий салафилик болсун, салгылашууларда зыянга учурагандар мусулмандар болууда. Жыйынтыгында, шииттер да, сунниликтин атынан күрөшкөн суудий же жихадий салафилик да ийгиликке жетишкен жок. Суудий салафилик менен жихадий салафилик бири-бирин чыныгы салафиликтен узакташкандыгын айтып сындашууда. Ислам террорунун интеллектуалдык негизи катары салафий/вахаби окуусу көрүлүүдө. Эми Батыштын глобалдык күчтөрүнүн маданияттар ортосундагы салгылашууга далилдер издөөлөрүнүн зарылдыгы жок. Анткени, маданият же Исламдын ичинде салафий/сунний-шиит кагылышуулары көбөйүүдө. Кандай болгон учурда да салафи салихин денилгенде вахабилик менен үндөш (нео) жана арап булуңундагы үрп-адаттар «сүннөт» сөзүнүн астында башка мусулман өлкөлөрүнө жайылткан окуу катары түшүнүктү алып келүүдө. Суудий салафилер болсо хихадий салафилерди харижиттерге окшоштурушууда. Усама бин Ладендин дагы салафий болушу жалган. Аль-Каида Хамас сыңары Ислам душмандары тарабынан негизделгендигин же болбосо эң азында колдонулгандыгын айтышат. Мындай уюмдардын негизделиши Ислам динин дүйнөгө жаман көрсөтүү жана ушул жол менен жок кылууну каалаган жашыруун күчтөр тарабынан пландалган өтө пландуу оюн. Борбору Лондондо жайгашкан эл аралык стратегиялык изилдөө институту 2004-2005-жылкы аскердик тең салмактуулук рапортунда аль-Каиданын алтымыш өлкөдө он сегиз миң мүчөсүнүн болгондугун айтканына карасак, «абалдын глобалдык жагын көрө алабыз»[2]

[1] *Büyükkara*. 205-б.

[2] http://www.acikistihbarat.com/Haberler.asp?haber=2781

деп айтуу менен дүйнө элин исламфобияга каршы үгүттөөдө жана да мусулман элдерине коркунучтарды туудурууда. Бирок, бул жерде ушул суроону берүү зарыл: бул уюмдар тарабынан жасалган аракеттер акыркы иликтөөлөргө карасак кимдин максатына кызмат кылууда? Мусулмандаргабы же глобалдык күчтөргөбү?[1]

### 2.1. Салафий жана жаңы салафий окууну бири-биринен ажыратуу зарыл

Салафий жана жаңы/нео салафийди бири-биринен ажыратуу үчүн классикалык салафий түшүнүктү «фундаменталдык» деп атайбыз. Салафий түшүнүк күнүбүздөгү жаңы көйгөйлөргө жооп издөө үчүн Ислам дининин негиздерине, усулдарына, түпкүрүнө кайрадан бурулууну каалаган илимий агымды чагылдырат. Мындай абалда фундаментализм методикалык жактан түпкүрүнө кайтуу түшүнүгүн камтыйт. Усулий терминининин ордуна учурубузда реформачыл аракеттердин идеологиялык маанидеги салафий сөзүн да колдондук. Сауд вахабилигинде, Либия санусий кыймылында, Судандагы махди кыймылында, Индиядагы тарикаты мухаммедияда ушул колдонулгандардын мисалдарын көрсө болот. Ошондуктан Сууд династиясынын тегерегиндеги окуунун салафий/фундаменталдык эмес, нео-салафий болгондугун айта алабыз. Сауд Арабия борборлоштурулган жаңы салафий окуусу идеологиялык жана радикалдык- саясийтүзүлүш катары фундаментализмге айлангандыгын көрсөк болот.[2]

### 2.2. Салафий/фундаменталдык жана жаңы салафий/фундаментализмдик окуунун өзгөчөлүктөрү

Алгачкы (фундаменталдык-фундаменталистик) терминдик түшүнүктөр боюнча диний баалуулуктар реалдуу нерсе. Бирок, бул позитивдик негизде болбойт. Динди пайда кылган вахийлер тарыхтын белгилүү учурларында жиберилген. Бирок, муну айтуу менен диний баалуулуктарды саясий, экономикалык, социалдык же саясий бир тарых менен чектегендик болбойт. Ошону менен бирге экономикалык, социалдык же саясий факторлор диний

1 http://yenisafak.com.tr/yazarlar/AkifEmre/el-kaide-gercekten-var-mi/39636, http://yenisafak.com.tr/yazarlar/AkifEmre/mali-dersleri-tabansiz-direnis-kime-yariyor/36065

2 *Baer, Gabriel*, Islam and Politics in Modern Middle Eastern Histroy.Islam and Politics in the Modern Middle East.Ed. MetinHeper, R.İsraeli.-London.1984. 13-14; *Munson.Henri, J.R.*İslam and Revolution in the Middle East–London, 1988. 3-4.

тажрыйбада жашыруун, анын өзүндө бар нерсе. Диний акыйкатты түшүнүү үчүн фундаменталдык; ошол учур шартындагы метафизикалык жана социалдык маселелерге көңүл буруу керек экендигине басым жасалат.

Тарыхый жактан «Макасидул куранды» билүү жана анын кандай иш жүзүнө ашкандыгын, башкача айтканда «Макасидуш-шараини» түшүнүү дегендик. Өнүгүүнүн белгилүү жана жалпы принциптерине баш ийип, диний факторлорду түшүнүүгө аракет кылуу менен (ичтихат) учурдун көйгөйлөрүн чечүүнүн механизмдерин изилдейт. Жаңы/нео салафиликте болсо (радикализм) диний фактордун белгилүү бир формасы болгондугун айтат. Ошондуктан бул окуу (радикализм) Батышты да, демократиялык терминдерди да четке кагып, учурубуздагы инсандардын маселелерин чече албай турган утопиялык мамлекеттик түшүнүккө ээ. Алардын орток мүдөөсү азыркы режимдерди өзгөртүп, Ислам мамлекетин куруу. Хизбуттахрир халыйфаттык системаны куруу менен бул нерсенин ишке аша тургандыгын айтат.

**Салафий/фундаменталдык жана жаңы салафий/фундаменталистик окуунун айрымасы**

Жаңы салафий (радикалдык же фундаменталдык) окууда дин же коомдун кызыкчылыгы үчүн бийликке келгендиги айтылат. Алардын негизги принциби боюнча башкаруучулук бир гана Аллахка таандык.

Аллах инсанды халыйфа кылып жаратып, коомдо инсанга жоопкерчиликтерди жана мүмкүнчүлүктөрдү берүүсү, саясий жактан да өз ирадасын колонуусун шарттайт. Аллахтын (Шари) диндин негизги принциптерин белгилөөсү, инсандын «факих» болуусуна, башкача айтканда учурдун шарттарына ылайык жаңы чечимдерди (ичтихат) кабыл алуусуна тоскоол эмес. Экинчи (радикалдык) окууда болсо,«мусулман коомчулуктардын көйгөйлөрүн чечүү Ислам мамлекетин куруу менен гана болот.» деп айтуу менен Исламды саясий режим жана саясий идеологиякатары көрүлөт. Дүйнөдөгү Ислам/шариат мамлекети катары көрүлгөн Сауд Арабия жана Иранды карай турган болсок, шиит-суннит кагылышууларынын жана диний саясий идеология абалына келтирүүнүн Исламфобияга өтмө мааниде кызмат кылгандыгын көрүүгө болот.

Экөө тең негизи заманбап окуу. Бирок, салафиликтин/фундаментализмдин негизги принциптери, учурдун шарттарына ылайык чечмелөө жана чечүүнүн

механизмдерин сунуштоо, жаңы салафиликтин/фундаментализмдин болсо саясат сыңары өзгөрмөлүү факторун тарыхый фактор катары таанытуу. Эң акыркысын артта калуучулук катары бааласа болот. Бирок, тарых философиясы жагынан бир фактордун өз калыбында кайталануусу мүмкүн болбоосу, милдеттүү түрдө бул окууну пародокстук негизде заманбапташтырууда.[1]

### 2.3. Жаңы салафиликтин пародокстары

Акылга жана ой жүгүртүүгө каршы чыгуу жаңы салафий окуусунда принцип катары кабыл кылынгандыгы үчүн философияны да катуу четке кагууда. Ар кандай мезгилде жана жерлерде, каада-салт жана үрп-адатка да көңүл буруу менен динди түшнүнүүнү салафиликке туура келбейт деп четке кагышууда.

«Ахли суннати хаасса» деп аталган салафий итикадын имамы Ахмад бин Ханбал (241/855) фикхта колдонгон метотту акыйдада да колдонгондугун, бирок бүгүнкү күндөгү өзүн салафий дегендерге негизги принциптерге баш ийбегендигин айтканда таң калышууда. Ахмад бин Ханбал риваят менен дираятты бириктирген метотту колдонгон. Ооба, хадисти жана кабарларды биринчи орунга коюп өкүм чыгара турган методду пайда кылган жана кыясы жали же кыясы хафи сыңары ар кандай кыястан алыс болгон.

Нео салафийлер менен бул маселеде бир пикирде болушу мүмкүн. Бирок, фикхий билимди Имам Шафий (204/819), Абу Ханифа (150/767) жана ошол учурдун башкы казысы Абу Юсуфтан (182/798) алгандыгын да унутпоосу зарыл. Ошондуктан ичтихат эшигинин жабылбагандыгын жана ар бир кылымда мучтахиттин болушун фарзы кифая катары кабыл кылышат. Коомчулук үчүн бул нерсенин зарыл экендигин, бирок далилин иликтебестен эч бир мучтахиттин сөзүнө жана пикирине баш ийбөө керектигин айтышат.[2]Мындай абалда Мухаммед бин Абдилвахаб Ахмад бин Ханбалга да, Ибн Таямияга да баш ийбөөдө. Анткени, келамий маселелерге токтолууда.[3]

Мындан сырткары, Ибн Таямиянын маъруф жана мункардин билинүүсү, иш жүзүнө ашырууда назик мамиледе

---

[1] http://www.haberlotucom/?author=28&paged=4; http://www.ixirhaber.com/arastirma-dizi/islam-demokrasi-ve-siddet-baglaminda-kokten-din-cilik-kavraminin-tahlili-h23826.html

[2] *Onat –Kutlu*. 443-446-бб.

[3] *Yüceer*.400-б.

болуу, ар кандай көйгөйлөргө сабыр кылуу сыңары түшүнүктөрү көз жаздымда калтырылган. Салаф, дааватметоту катары сахаба жана табиун учурун өрнөк алуу менен, алардын пайгамбарыбыздын учурун түшүндүрүүлөрүн жана иш-аракеттерин негиз алып түшнүдүрүүнү кабыл кылышты. Нео салафийлер болсо салафий методун колдонушуп мажбурлоону туура көрүшүп, күч колдонууга бара тургандыгын билдиришкен.

Мамлекеттин саясаты катары вахабилик арап булуңунда (Сауд Арабия, Катар, Кувейт, Оман) кеңири кулач алган. Анткени, 1926-жылы Сууд өлкөсүнүн чек арасы Кувейт, Ирак, Иордания жана Палестинага чейин жеткен. Ошону менен бирге Индия, Түндүк Африка, Чеченистан жана 1989-жылдардан баштап Сауд Арабиядан агып келген акчалар[1] менен Азиядагы Түркий мамлекеттерде да таасирдүү боло баштады. 1990-жылдардан кийинки учурлардагы экономикалык жетишсиздиктер, коррупциялар, басымдуу инсандардын ишсиз абалда болушу сырткы күчтөрдүн таасирине жол ачкан.[2]Экономикалык тартыштык менен бирге жетекчилердин монархиялык режими да сырттан келген акчалай жардамдардын кабыл кылынышын жеңилдеткен. Өзгөчө, тавхит терминин биринчи орунга коюулары жана окууларынын негизи катары көрсөтүүлөрү, СССР учурунда тыюу салынган диний баалуулуктардын ордуна ырым-жырымдар жана бидаттардын кенен кулач алышы, вахабиликтин жайылуусуна өбөлгө болгон. Анткени, тасаввуф окуусун, мазарларды бидат катары көрүшүп, ар кандай жаңы нерселерди бидат деп эсептешкен.[3]Бидаттарга басым жасоо менен бирге Батыштын саясатына каршы чыгуулар дагы вахаби окуусунун жайылуусун шарттаган. Анткени, саясий жана экономикалык көйгөйлөр дароо этникалык жана диний көйгөйгө айланган. Этникалык жана диний форматка айлануусу коомчулукту оңой-олтоң аракеттенүүсүнө алып келүү менен, саясатта плюрализмге жана ынтымакташууга тоскоол болгон.

Стратегиялык жактан аймак өтө бай нефти, газ, уран жана алтын сыңары кен байлыктарга бай. Глобалдык күчтөрдүн өздөрүнүн кызыкчылыктарына ылайыктуу топторду (диний-саясий) колдогондугун[4] эске ала турган болсок, бул айтылгандардын жергиликтүү аймактын элинин пайдасы

[1] *Roy*.209-б.
[2] *Baycaun*. 86-б.
[3] *Kubat*. 242-243-бб.
[4] *Onat –Kutlu*. 487-488-бб

канчалык экендиги ойлондурат. Ансыз деле Сауд Арабия өлкөнүнү ичинде да, сыртында да бул айтылгандарды жайылтууга аракет кылып жатат. Бирок, күчтүү монархия менен башкарылган өлкөдө стабилсиздик барган сайын күчөөдө. Соңку учурлардагы социалдык жана экономикалык өнүгүүлөр, муундар жана бай-кедей ортосундагы ажырымды чоңойтууда. Өзгөчө, Батыштан билим алып келген жаштар саясий жактан урууччулуктун жаңыр версиясы болгон «чөл демократиясы» термининин айланасында талаптарын айта башташты. Анткени, аймактагы өлкөлөр (Кувейт, Оман жана Бахрейин) суук согуштан кутулуп, аз да болсо демократиялашууга аракет кылышууда.

**II Салафий метоттун Кыргызстанга ( Борбордук Азия) тийгизген терс таасирлери**

1989-жыл дүйнө саясий жана географиялык жактан калыптануунун бурулушу болуп эсептелет. Берлин дубалынын жыгылуусу менен 1945-жылдан кийин пайда болгон жуп полюстук (капиталист жана социалист) дүйнө жок болду. Заманбап жаңы улоо технологиясы мезгил жана аймактык айрымачылыктардын ортосундагы ажырымды жок кылды. Медия техникалык каражаттарын контролдогондор өтө маанилүү саясий жана маданий күчкө ээ болушту. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин 78 мамлекет болгон болсо, азыр 198 мамлекет бар. Гео-саясий дүйнө бири-бири менен карама-каршы келген эки кыймылга карата жаңыдан калыптанууда. Бир жагынан экономикалык ааламдашуу жана эл аралык уюмдашуу өсүүдө, бир жагынан мамлекеттер жана чек аралар көбөйүүдө. Ушул жагдайда Бириккен Улуттар курамында түркий тилдерде сүйлөгөн алты мамлекет бар. Бул да болсо эски жибек жолу маданиятын жаңыдан жандануусун жана гео-экономикалык баалуулугун ортого койду. Мындай абал глобал күчтөрдүн көңүлүн бул аймактарга бурууда.[1]

1989-жылында СССРдин Афганистанды басып алуусу менен салафий жана вахабий окуусу паралел жайылган. Мурдалары салафилик аты менен ар түрдүү Батыш модернитесине каршы чыккан Ислам түшүнүгүнө күч колдонуу фактору дагы кошулду. Аймакта Исламдан сырткаркы СССР тарабынан түзүлгөн секульярдык жашоо формасына традициялык Ислам туруштук бере алган жок. Сталин 1927-жылы бардык

---

[1] *Hizmetli, Sabri*. Orta Asya Türk Cumhuriyetlerinde Zararlı Akımlar ve Misyonerlik.–Алмата, 2007. 55-58-бб.

диндердин өкүлдөрүнө согуш ачкан. Он миңдеген адамдар өлтүрүлгөн. Бул жерде эң чоң жаракатты Ислам алды. Хрушев мезгилинде катуу режим уланды. 1958-1964-жылдары аймактагы мечиттердин 4/1и жабылды. Исламдын коомчулуктагы ролу өтө пассив абалга келтирилди. Анткени, Түркистандагы уникалдуу элдердин башын бириктирген Исламдын жогорку баалуулуктары болуп эсептелет. Мусулман аалымдар, суфилер жана лидерлер Советтик бийликке каршы эң негизги күчкө ээ болушкан.[1]

Эң акыркы маселе жакшылап иликтенүү зарыл. Анткени, бул аймакта Исламдын эң демократ жана инсан ирадасына эң көп мүмкүнчүлүктөр тааныган ханафий-матуридий түшүнүк басымдуу. Бул окуу боюнча таасирдүү Нахшибендия жана Ясавия суфий традициясы бар болчу. Советтер союзу ушул потенциалды күч менен пассивдештирип, атеизмди илимий технология менен жайылтты.[2] Инсандар диндин ордуна ырым-жырым жана бидаттарды колдоно башташты. Мындай мүмкүнчүлүктөн пайдаланып салафий жана вахабий окуусу бул аймактарга «сахих Ислам» деген аталыш менен кирди. Инсандар бул окууну жалгыз жана туура окуу катары кабыл алышты.

Бул жерде көңүл бура турган нерсе, советтер Исламдын бириктирүүчү факторлорун социалисттик жана тоталитардык методдор менен жок кылган болсо, азыркы учурда болсо диндин бириктирүүчү жана тынчтыкка үндөөчү жагы салафилик аты аркылуу жок кылынууда. Диний билим берүүнүн медреселерде берилүүсү, бул окуу жайлардан берилген дипломдорду мамлекеттин тааныбоосу, башкача айтканда диний билим берүүнүн заманбап билим берүүнүн методикасына ылайк берилбөөсүнүн натыйжасында келип чыккан проблемалар, ушул жана ушул сыяктуу окуулардын таасирлеринин күчөөсүнө себеп болууда.

Булагы Сауд Арабия болгон вахабиликтин эң таасирдүү аймагы Фергана өрөөнү (Өзбекстан, Кыргызстан жана Тажикстан).[3] Бул аймактарда ханафий-матуридий жана суфиликтин таасирдүү экендигине көңүл буруу зарыл. Фергана,

---

[1] *Bahaddin Yazıcı*, Sıcak Nokta: Orta Asya –Orta Asya'da Yeniden Yapılanma ve Terör, Ozan yay. İstanbul, 2003. 50-5, 64.

[2] *Yazıcı*. 54-б.

[3] http://bookgoogle.kg/books?id=EVpazia19SIC&pg=PA261&lpg=PA261&dq=Selefilik+orta+asya&source=bl&ots=CUVRg6ibdD&sig=MtTMT8o8m4iKjbanEtPZ38w2cN8&hl=tr&sa=X&ei=pKvKUdGJIKmo4gSlvYCYBQ&redir_esc=y#v=onepage&q=Selefilik%20orta%20asya&f=false;

Андижан, Наманган жана Ош шаарларын ичине камтыган аймакта Ислам мамлекетин куруу үчүн атайын бир долбоор даярдашты жана Өзбекстан Ислам кыймылы түзүлдү.

Диний айрымачылыктардын карама-каршылыктарга айланыусу жана группалар ортосунда такфирлешүүнүн (куфур менен күнөөлөө) өсүшү, тарыхый жактан стабилдүү болбогон аймактарда абалдын өтө курчушуна алып келүүдө. Афганистан согушунда Талибан[1] бир канча тажрыйба топтогон. Жихат үчүн миллиондогон тажик, өзбек жана кыргыздар өлүшү мүмкүн, бирок Фергана өрөөнүнө өздөрүнүн бийликтерин орнотууларын айтышат. Талибан бир гана өзбек, казак, кыргыз Исламчыл топторго колдоо көрсөтпөстөн, мындан сырткары уйгур армиясын курууга да аракет кылышууда. «Акыйкат» деп аталган армиянын ичинде Борбордук Азиялыктардан башка Кашмир, Араб жана Пакистандык согушкерлер да бар. Афганистан дүйнөдөгү апийимдин 4/3 бөлүгүн өстүргөндүгү жана мындан түшкөн кирешени ушул армияга жумшагандыгы айтылат. Негизи «Акыйкат» уюму уйгурларга колдоо көрсөтпөстөн, алардын радикалдашуусуна жана террордук аракеттерди кылуусуна себепкер болууда.[2]

Электрэнергия булактары көп болгон аймакта стабилсиздиктин уланышы кайсы чоң күчтөргө пайда алып келе тургандыгын ойлонушубуз керек.[3] СССРден кийин ал аймактагы мамлекеттер Көз Карандысыз Шериктеш Мамлекеттер, Эвразия Экономикалык Шериктеш Мамлекеттер, Шанхай Кызматташтыгы сыяктуу түзүлүштөр менен экономикалык жана кызматташтыкты өркүндөтүүгө аракеттер жасалууда. Бул аймактан сырткаркы өлкөлөргө экономикалык жана аскердик жардамдар менен жакындашуу аракеттери аткарылууда.[4]Өзгөчө, Кыргызстан туурасында айта турган болсок, чоң күчтөрдөн АКШ жана Россиянын аскердик авиа базасы жайгашкан. АКШга авиа базанын жабыла тургандыгы расмий түрдө айтылганда, Россия Кыргызстанга заманбап аскердик техникаларды жибере

[1] Талибандын ичинде этникалык жактан пештундар көпчүлүктү түзөт. СССР бул аймактан чыккандан кийин тажик тектүү Ахмед Шах Месуд жана анын контролундагы Раббани менен өзбек генералы Абдуррешид Достумдун Афганистандагы бийлигине каршы пайда болгон кыймыл. Пакистан, Сауд Арабия жана Араб Эмираттары биринчилерден болуп тааныган өлкө. Өзбек, тажик, хазарларга каршы аракеттер жасашкан. Караңыз: *Karasar*. 241-б.

[2] *Karasar*. 239-240-бб.

[3] *Bodur*. 202-203-бб.

[4] *Karasar*. 256-б.

тургандыгын жарыя кылган. Ансыз деле мурдатан Бириккен Коопсуздук Жамааты аркылуу Кыргызстанга 1.1 миллиард доллар жардам бере тургандыгын билдирди. АКШ бийлик өкүлдөрү 2014-жылы авиа базанын жабылышы менен Орто Азия өлкөлөрү кээ бир радикалдык топтордун аймагына айлана тургандыгын айтышты. Россия, АКШ жана Кытай ортосундагы мамиленин начарлашы бул аймакка түздөн-түз таасирин тийгизүүдө.[1]

Түштүк Кыргызстанда Казакстан, Россия жана Кытай консулдарынын жайгашуусу, жибек жолунун маанилүү борборлорунан эсептелген Фергана өрөөнүнүн батышындагы Ош аймагы көңүл чордону абалына келүүдө. Бул аймак өлкөнүн түндүгүнө караганда диндар болгондуктан, диний таасирленүүлөргө ылайыктуу. Миссионердик иш-аракеттер болсо түндү аймакта таасирдүү. Азыркы күндө кыргыз коомчулугунда ар кандай диндерге таандык инсандардан турган үй-бүлөлөрдү кезиктирүүгө болот.[2]

Фергана өрөөнүндө Ислам мамлекетин куруу долбоору бул аймакта глобалдык күчтөрдүн (АКШ, Россия жана Кытай) дагы да күчтөнүүсүнө өбөлгө болууда. 1999-жылкы Баткен окуясынан кийин Кыргызстан Россияга дагы да жакындашты жана Россиянын жетекчилигинде тез жардам күчтөрү түзүлдү. Мындай абал Өзбекстанга да тиешелүү. Россияга карама-каршылык көрсөтө ала турган потенциалга ээ мамлекет Өзбекстан болуп эсептелет. Өзбекстан Ислам Кыймылы эки жолку жогорку даярдыктагы операциясында ийгиликке жетишкенде, Тажикстандагыдай граждандык согуш болуп, андан кийин Өзбекстан дагы Россиянын аскердик күчтөрү менен жакындан таныша болчу.[3]2001-жылдын 11-сентябрынан кийин АКШ алгач Афганистанга сокку урду, андан кийин Орто Азия өлкөлөрүнө он эки аскердик авиа база курушту.[4]

[1] *Yazıcı*. 87-б.
[2] *Yazıcı*. 56-б.
[3] Фергана өрөөнүндө Ислам мамлекетин курууну пландаштырган Жума Наманганинин жетекчилигиндеги 1500 адамдан турган куралдуу топ Тажикстандан Кыргызстандын Баткен аймагына өтүштү. Бул аймакты тогуз апта кармап турушту. Япон инженерлери менен кыргыз офиссерлерин барымтага алышып, белгилүү суммадагы акча алуу менен аларды кайтарып беришти. Бул окуя мамлекеттердин согушка даяр эместигин көрсөттү. Караңыз: *Karasar*. 236-237-бб.
[4] Yazıcı. 84-б.

Россиянын Борбордук Азияга карата саясаты болсо эки агымдын (Евразиялыктар жана Атлантикалыктар) ортосундагы таасирге карап өзгөрүүдө. Атлантикалыктар Европалыктар сыңары Исламга катуу сын айтышат. Ошондуктан алар бирдиктүү күч боло ала тургандыгына ынанышат. Евразиялыктар болсо көз карандысыз мамлекеттер биримдигинин ички жана сырткы чек араларын коопсуз абалга келтирүүнү биринчи планга коюшат. Жаңы Евразиячылык аймактагы этникалык жана улуттук баалуулуктарды бириктирген жападан-жалгыз жол катары көрүлөт. Америка империализми жана Батыштын аракеттерине каршы Кытай, Индия жана Иран сыяктуу союздаштарды издөөнүн керек экендигин айткандыгы үчүн трайбалисттик көз карашка караганда идеологиялык көз карашты көбүрөөк тутунушат.[1] Евразиячылык агымынын радикалдык Исламчыл топторго каршы атайын пландаштырылгандыгы да айтылат.[2]

Теориялык билимдин жетишпегендиги ыйман маселесинде даана байкалууда. Ханбалий мазхабы/классикалык салафий окуусундагы ыйман «дил менен тастык, тил менен айтуу жана амал кылуу» аныктамасы ханафий мазхабы кенен жайылган аймакта жайыла баштады. Кыргызстанда жашаган элдердин дээрлик баары «ханафий мазхабынданбыз» деп айтканы менен, ханбалий окуусу салафилик аты менен бул аймакта таасирдүү боло баштады. Коомчулук арасында ханафилик туурасында да, ханбалилик туурасында да жетиштүү маалымат жок.

**III Салафий окуусунун Кыргызстандагы таасирлери**

Кыргызстан эгемендүүлүгүнө жетишип, мамлекеттүүлүгүнүн 23 жылдыгын аркаласа дагы советтер союзу учурундагы атеисттик идеологиянын таасири толук жок болду деп айтуу кыйын. Ал эми тарыхый анализ кыла турган болсок, тарыхтан азыркы күнгө чейин Фергана өрөөнүндө ханафий мазхабы кенен жайылган. Тарыхта кээ бир мутазыла, керрамия сыңары мазхабтар бул аймактарда орун алса да, көп деле тарапкер топтой алышкан эмес.[3] Ошондуктан советтер союзу бузулганга чейин бул аймакта башка мазхабтын таасири жок дей турганчалык аз болгондугун айтсак болот.

---

[1] *Peker*. 82-б.
[2] *Karasar*. 223-б.
[3] Караңыз: *Acimamatov, Zaylabidin*. Türkler'in İslamlaşma Sürecinde İslam Mezheplerinin Rolü. Магистратуралык диссертация. - Анкара, 2001.

Кыргызстан өз эгемендүүлүгүн алгандан баштап салафилик бул аймакта ар кандай материалдык жардамдар аркылуу активдүү иш жүргүзө баштады. Мындан сырткары өзгөчө Сауд Арабиянын диний окуу жайларында билим алып келген жаштардын дагы дээрлик көпчүлүгү салафилик/вахабилик акыйдасын колдошууда. Мындай абал Кыргызстан коомчулугу үчүн чоң процесс деп айтсак жаңылышпайбыз. Анткени, бул аймакта тарыхтан бери кенен жайылган мазхаб акыйдада матуридилик, фикхта ханафилик. Белгилеп кете турган нерсе, көбүнчө фикхий маселелерге көңүл бурулгандыгы үчүн, коомчулукта акыйдага байланыштуу түшүнүктөр өтө төмөн. Бул да болсо башка мазхабтардын жайылуусуна шарт түзүүдө. Азыркы күндө өлкөбүздө фикхий жактан ханафий, акыйда жагынан салафий болгондор пайда боло баштады. Өзгөчө, Чүй аймагында мындай көрүнүштөр көбүнчө жаштар арасында байкалат.

2013-жылдын апрель айында Ноокат району менен Кызыл-Кыя шаарынын ортосунда жайгашкан кабыр-мазардын дубалдары түн ичинде талкаландыгы да кээ бир нерселерден кабар берет. Анткени, бул мазардын (мазардын аты «келин басты»)жанынан өткөн адамдар дуба кылып өтүшөт. Ушул эле убакыт аралыгында Кадамжай районунда жайгашкан бир күмбөздүн ичиндеги очок жана башка нерселердин талкаланышы да жөн жерден болбосо керек. Канчалаган жылдар бою бул мазарга жана күмбөзгө эч ким эч кандай зыян келтирген эмес жана келтирүү оюна да келген эмес. Жергиликтүү элдерде андай ой да болгон эмес. Тарыхта Мухаммед бин Абдилвахабдын элдер зыярат кылган бир канча мазар жана күмбөздөрдү талкалап-буздуруу аракеттеринин таасири бизге да келип жеттиби деген ой кетет. Мындай көрүнүш жалпы эле Кыргызстан коомчулугу үчүн жат көрүнүш.

**IV Тавхид терминининин философиялык жактан анализи**

Маалым болгондой Кыргызстанда жашаган (жана калган үч Борбордук Азия өлкөлөрү) элдердин дээрлик басымдуу көпчүлүгү ханафий мазхабын кабыл кылгандыктарын айткандыгына карабастан, Ислам дүйнөсүндө эң аз тарапкери бар ханбалий окуусу «салафилик» аты менен бул аймактарда жайылууда. Эң негизгиси бул инсандар негизинен ханафилик жөнүндө да, ханбалилик жөнүндө да туура, так маалыматка ээ эмес. Ошондуктан философиялык жактан тавхидди бир методика катары суна турган болсок, нео-салафий окуусунун

айрымачылыктары белгилүү болот. Анткени, Ибн Таймия жана анын жолун жолдогон аалымдардын пикирлерин философиялык жактан анализ кылган Фарукий боюнча реформа кылуунун шарты төмөндөгүчө: «Ислам үммөтүнүн маданиятын, түшүнүгүн реформалоо; болгон нерсе менен боло турган нерсе ортосундагы карама—каршылыкты жок кылуу, идеологиялык лидерлик менен саясий-социалдык лидерликти бириктирүү үчүн «Тавхид» түшүнүгүбүздү мындайча түзүшүбүз зарыл. Тавхид принцибине жараша жаратылгандын жалгыздыгы, акыйкаттын жана билимдин жалгыздыгы, жашоонун жалгыздыгы, инсаныяттын жалгыздыгын бекемдөө зарыл.»

## 1. Методика катары тавхид

Тавхидмененкеламиймаанидежадалди термин катары көрбөйбүз. Газзалинин айтуусу боюнча тавхид жалпы мүнөздөгү куран илими. Тавхид же куран илими акылдан сырткаркы нерселерди кабыл кылбайт. Гайбий маселелер акылга каршы болбостон, метафизикалык ааламга тиешелүү. Фалсафий мааниде түшүнгөн жүрөккө, көзгө, кулакка ээ болгон инсан хикметтүү инсан жана ар дайым эмгектенүү менен «Раббим илимимди өркүндөт»- деп дуба кылат. Исламды билген инсан катары билбегендерден башка жана салих амалдарды жасап, динин практика жүзүндө жашайт.

Ислам инсандарга жашоого ыңгайлуу жашоо шартын сунуу үчүн макасидул-куран жана вахий учуру менен макасидуш-шарианын аткарылуусундагы айрымачылыктарга көңүл бурат. Шарианын жол, усул экендигин белгилөө менен ар бир доордо жашаган мусулмандын өздөрүнүн жолун жана усулун түзүүлөрү керектигине басым жасайт.[1]

Дүйнөнү акыреттин талаасы катары көргөн тавхит түшүнүгү жогоруда көрсөтүлгөн далилдердин негизинде түшүнүктөр түрмөгү жана методика катары пайда болууда. Улуттук, саясий жана аймактык ажырымдардын категориялык ажырымдар экендигин, булардын тескери абалга келтирилбөөсү үчүн тавхиддин тынчтык жол менен бекемделүүсү зарыл. Эгерде, Аллах каалаcа бардык инсандарды бир үммөт кылар эле. Бирок, Ал ар бирине өзүнчө жол, усул берген. Инсандардын ар түрдүү тилдерде, улуттарда, түстөрдө жаратылуусунун себеби, кандай аракеттерди жасоосун, кимдердин жакшы иштерди жасоодо

[1] *Uyanık, Mevlüt.* İslam Aklının Eleştirisi ve İçtihad. Kur'an'ın Tarihsel ve Evrensel Okunuşu. - Анкара, 2011. 181-б.

жарыша тургандыктарын тест кылуу максатында.[1] Бул сыноону билген мусулман башка адамдар менен да таанышып, жакшы мамиледе жашоого аракет кылат.

Мына ошондуктан Аллахтын жалгыз жана бар экендигине ыйман келтирүү жана амал кылуу туурасындагы негиздерди жеткирүү үчүн ар бир үммөткө бир эскертүүчү жиберүүнүн максаты: «*Инсандарга дүйнө жана акырет жашоосунда бактылуулукка жетүүлөрү үчүн муктаж болгон негизги принциптерди камсыздоо болуп саналат.*» Фалсафий метот тавхидди Хаккын (Аллахтын) жана жакшылыктын билими катары сунат.

### 1.1. Хаккын жана жакшылыктын билими катары тавхид

Жибрил хадисинде билдирилгендей ыйман жана Исламдын шарттарын аткаруу инсанды ихсан даражасына, башкача айтканда Аллахты көргөндөй же Анын алдында тургандай аракеттерди жасоосуна себеп болот. Бул болсо дене түзүлүш жагынан эл менен, көңүл жана дил жагынан Аллах менен бирге болуу дегендик. Мындай абал ыймандын манавий жактан Аллахтын жалгыз жана бар экендигине ишенүүнүн натыйжасы катары Аз. Адамдан (а.с) Аз. Мухаммедге (а.с) чейин уланып келген универсалдуу Исламга активдүү баш ийүүнү билдирет. Ислам, ааламдагы бардык жаратыктардын Ага баш ийүүсү керектигин, эң акыркы дин катары Аз. Мухаммедке (с.а.в.) келгендерге ылайыктуу аракеттерди жасоосун туюнтат. Бул болсо эркин каалоо менен тандалган Ислам болуп, буйрук кылынгандарды аткарууну зарыл кылат. Мына ушунун натыйжасында биздин бар болуу себебибиз жана эң улуу максатыбыз болгон Акыйкатка жетүү, Анын сыпаттары туурасында ой жүгүртүү менен ихсан мартабасына чыгарылат.[2] Ихсан мартабасында ихлас пайда болот. Башкача айтканда, бардык ибадаттар инсанды жакшылыкка, туура жолго багыттап, эң жакшы иштерди жасоосуна өбөлгө болот.

### 1.2. Илахий билдирүүнүн натыйжасы катары монизм жана тавхид түшүнүгү

Бардык жалгыз Кудай түшүнүгүндөгү диндер тавхид, нубувват жана меадка басым жасагандыктары үчүн билдирүүлөрү негизи бир. Мурункуну кийинкиси тастык кылгандыгы үчүн үзгүлтүксүз карым-катнаш маанилүү болуп

[1] Маида сүрөсү. 48-аят; Мүлк сүрөсү. 2-аят.
[2] Uysal, Muhittin.Tasavvuf Kültüründe Hadis.–Кония, 2001. 304-305-бб.

эсептелет. Мисалы, тууралыкка жол башчылык кылган тоорат мурун түшүрүлгөн.[1] Андан кийин Аз. Иса (а.с.) инжил менен келип, тооратты тастык кылган. Ысымы Ахмад болгон пайгамбарды сүйүнчүлөгөн. Аллахтын эң акыркы пайгамбары Аз. Мухаммед (с.а.в.).[2] Ал мурунку китептерди тастыктаган кураны карим менен жиберилген.[3]

Ислам дини инсандарды дүйнөдө жана акыретте бактылуулукка жеткире турган адеп-ахлактык жана социалдык принциптерди ичине камтыган илахий келмадын эң акыркысы катары жиберилген. Кыска убакыт аралыгында аң-сезимде өтө чоң өзгөрүүлөрдү жасап, эки улуу маданият (Византия, Перс) менен жолугуп, ысымына татыктуу маданият түптөдү. Мындай аң-сезимдеги өзгөрүүнү камсыз кылган тавхид окуусу болуп саналат. Мына ушунун тегерегинде өтө кеңири маанини камтыган «тавхид» тууралуу терең маалымат берүү зарыл.

### 1.3. Тавхид түшүнүгүнө ээ болуу кандай мааниге келет?

Тавхид Аллахтын жалгыздыгына, бар экендигине, андан башка Илах жок экендигине, шериги жана окшошу болбогондугуна ишенүү. Жалгыз жана чексиз акыйкат ээси Аллах экендигине, Аз. Мухаммеддин (с.а.в.) Анын акыркы элчиси болгондугуна күбөлүк кылуу. Ошондуктан тавхид түшүнүгүнө ээ болуу Аз. Адамдан (а.с.) Аз. Мухаммедке (с.а.в.) чейин ар кандай учурда жана жерлерде, түрдүү коомдорго, жашоо шарттарын тартипке келтирүүлөрү үчүн, түрдүү тилдерде белгилүү эрежелер жиберилгендигин билүү жана кабыл кылуу дегендик. Итикад (ыйман) же башкача айтканда, ишеним негиздеринин эң негизги өзөгү болгон тавхид, нубувват жана меад, дагы да ачык айта турган болсок Аллахка, периштелерине, пайгамбарларына, китептерине, акыретке жана тагдырга ыйман келтирүү.

Тавхиддин ичинде бардык маданияттын, бардык тарыхтын кыскача аннотациялык мааниси камтылган. Аллах Аз. Мухаммедке (с.а.в.) вахий кылгандарды Аз. Нух (а.с.), Аз. Ибрахим (а.с.), Аз. Муса (а.с.) жана Аз. Исага (а.с.) да жибергендигин билдирген. Динди туура түшүнүп бөлүнүп-жарылбообузду билдирген.[4] Тавхиттин аннотациялык мааниси

---

[1] Маида сүрөсү. 44-аят.
[2] Ахзаб сүрөсү. 40-аят.
[3] Маида сүрөсү. 5-аят.
[4] Шуура сүрөсү.13-аят.

деген мына ушул.Башкача айтканда, бардык пайгамбарларга бир ыйман принциптерин жибергендигине ишенүү жана кабыл кылуу. Бул болсо «Акыйкаттын» «жалгыз» жана «универсалдуу» болгондугунун конкреттүү көрүнүшү.

**1.4. Тавхид жана диндин идентичносттук өзгөчөлүгү**

Аллахтын жалгыз жана бар экендигин билдирген тавхид Исламдын жана Исламдык бардык нерселердин эң алгачкы принциби болуп эсептелет. Ал жалгыз Илах, Ага эч бир нерсе окшошбойт. Ал бардык акыйкаттын, жакшылыктардын, коздуктардын булагы. Инсан ар дайым Анын жалгыздыгын билип, улухиятын жана рубубиятын тил менен айтып, дил менен тастыктап жашоосу зарыл. «*Эгерде асман менен жерде Аллахтан башка кудайлар болсо, анда (алар) бузулуп кетээр эле. Арштын Эгеси болгон Аллах алардын сыпаттаган нерселеринен таза*.»[1]Мындай жашоону башынан өткөргөн инсан бардык нерсенин алгачкы принциби тавхид экендигин аңдап түшүнөт. Тавхид мына ушул мааниде акыл-эс ээлерин жакшынакай абалда жана эркин каалоолору менен жакшылыктарды, кайрымдуу иштерди аткарууга үгүттөгөн илахий мыйзам түшүнүгүндөгү «дин» менен тектеш.

**1.5. Тавхид канча түрдүү?**

Тавхид илимий жана амалий болуп экиге бөлүнөт. Илимий тавхид пайдалуу илим; амалий тавхид болсо бекем жана салих амал. Пайдалуу илим Аллахтын буйруктарына көңүл буруп, жакшы иштерди аткарууну талап кылат. Бул жерде дин менен шариаттын айрымасы келип чыгат. Ыйман негиздерин камтыган тавхиддин иш жүзүнө ашырылуусу ар кандай учурларда, ар пайгамбар аркылуу түрдүү тилдерде итикадий, амалий жана адеп-ахлактык эрежелер жыйыны катары «шариат» деген аталыш менен ортого коюлган. «Баса турган жол, сүннөт» сыңары маанилерди туюнткан шариат түбөлүк жашоого жана бактылуулукка жетүүлөрү үчүн инсандарга Аллах тарабынан жиберилген өкүмдөргө жана туура жолго багытоо болуп, бул мааниде дин дегенди билдирет.

**1.6. Ыйман жана тавхид**

Ар бир пайгамбар өзүнөн мурунку усулдардын, жолдордун маанилүү жактарын кабыл кылып, өзүнө келген жаңы функциялар менен бириктирип, жаңы тил жана жаңы формада түшүндүргөн. Буга мисал катары Ислам Аз. Адамдан (а.с.) ушул

[1] Анбийа сүрөсү.22-аят.

күнгө чейин келген бардык амалдарды ичине камтыган эң акыркы жол болуп, диндин эң кенири мааниси болуп эсептелет. «*Чындыгында, Аллахтын алдында кабыл болуучу дин бул-Ислам.*»[1] жана Аз. Мухаммед (с.а.в.) эң акыркы элчиси. Мына ошондуктан Аллахтын Аз. Мухаммед (с.а.в.) аркылуу баардык билдирүүлөрүнө эч кандай күмөнсүз ишенүүгө, Ага баш ийүү менен бейишке кириле тургандыгына тастык кылуу «ыйман» деп аталат.[2]

### 1.7. Тавхид жана Ислам

Исламдын сөздүк мааниси итаат кылуу, баш ийүү, байлануу, сак-саламат жана тынчтыкта болуу деген маанилерди туюнтат. Исламдын терминологиялык мааниси Аллахка итаат кылуу, Аз. Мухаммеддин (с.а.в.) «диндин» атынан билдирген бардык нерселеринин туура экендигине ишенүү. Бул ишенимди тил менен айтып, дил менен тастык кылуу зарыл.

Исламдын алгачкы шарты калимаи шахадатты айтуу. Андан кийин инсанды ар кандай жаман нерселерден оолак кыла турган намаз окуу, нафсини тарбиялоо үчүн орозо кармоо, башка бир туугандарына жардам жана колдоо көрсөтүү иретинде мал-мүлкүнөн зекет берүү, тавхид түшүнүгүнүн башка башка жерлерде, түрдүү тилдерде жана улуттардагы таасирин көрүү үчүн ажыга баруу.

### Жыйынтык

Каалаоа алгачкы Ислам түшүнүгүн сактап калууну максат кылсын, каалаоа мазхаб/агым (асария, ахли хадис же ахли суннати хаасса) болсун салафилик менен азыркы күндөгү жаңы салафилик окуусунун ортосунда байланыш жок. «Жаңы салафилик» деп аталган бул идеология салафи салихин (сахаба жана табиун) менен эмес, вахабилик иеологиясы менен тектеш пайда болгон.

Усулдук жактан болсун жана ортодо пайда болгон натыйжалары жагынан болсун, нео-салафий окуусу учурубуздагы Ислам дүйнөсүндө бир канча көйгөйлөрдү жаратууда жана исламфобия түшүнүгүн пайда кылууда. Йемен, Египет, Сирия жана Борбордук Азияда болгон окуяларда нео-салафилик тынчтыкты жана коопсуздукту орнотуунун ордуна жеке жана үй-бүлөлүк жашоолорун авторитардык жана тоталитардык режимге айлантууда.

[1] Аалу имран сүрөсү.19-аят.
[2] Араф сүрөсү. 158-аят; Ахзаб сүрөсү. 40-аят; Шуура сүрөсү. 13-аят.

Салафий түшүнүк болгон жерде оболу метафизикалык каргаша, андан соң физикалык келишпөөчүлүк жана карама-каршылыктар чыгып, мусулмандардын ансыз деле коопсуздугу жана тынчтыгы жетиштүү болбой турган учурда динге болгон ишеним азаюуда. Египетте тарыхта биринчи жолу демократиялык шайлоо жолу менен бийликке келген Ихванул-муслимиин өкүлү бир жылдан кийин аскердик күч менен кызматтан алынды. Салафий нур партиясы аскердик соккуну колдошкон болсо, Сауд Арабия жана араб булуңундагы өлкөлөрү да аларды колдоп, акчалай жардамдарды беришүүдө. Ушул эле аты аталган өлкөлөр Сириядагы шии/нусайри бийлигине каршы куралдуу топторду колдошууда. Алар өздөрүнүн бул аракеттерин «сахих Ислам» деп айтуулары таң калыштуу нерсе.

Ибн Халдун айткандай, дин жана диний топтор саясий топтордун кызыкчылыктарынын куралы болуудан кутула алышбай келүүдө. Түрк жана Ислам дүйнөсүндө бир канча кемчиликтерине карабастан Түркия светтик жана демократиялык түзүлүшкө ээ. Ошондуктан мазхабтар ортосундагы кагылышууларда тарап тутпоосу зарыл. Түркия шии окуусунан башка экендигине басым жасоо үчүн Анатолия алевилиги жана суннилик ортосундагы келишпөөчүлүктү жакшыртуу ниетинде жаңы карама-каршылыктарды (мечит менен жам үйлөрүн бириктирүү) жаратуудан алыс болуусу кажет. Түркияда жаңыдан каргашаларды пайда кылуу максатындагы Ахмет Ясавинин негизи алевий болгондугу туурасындагы пикирди, буга чейин мындай абалга туш болбогон Борбордук Азиядагы өлкөлөргө жайылтуу аракеттеринен да оолак болуулары зарыл.

**Conclusion**

Between the original Salafism and Salafism for today is no connection. "New Salafism" did not come from the ideology of the Salafi Salikhin, and on an equal footing with the ideology of Wahhabism.

The teachings of neo Salafism at present creates an Islamic phobia and a number of problems in the Islamic world. Several incidents took place in Yemen, Egypt, Syria and Central Asia, instead of to strengthen the peace and quiet, creates authoritarian and totalitarian regimes, both in private life and family life in society.

First of all, the concept of the Salaf creates a metaphysical hurdle, physical intransigence and weakens faith into the religion in a troubled world of the Muslims. In Egypt, the representative Ihvanul - muslimin which came to power by the first-ever democratic vote, after

a year of the reign was overthrown by the military forces. Salafi Nur Party supports military forces, and Saudi Arabia and other Arab states sponsor them. These countries support opponents of the authorities of Shii / Nusayr in Syria. Also that is surprising, they call it "Sahih Islam."

As Ibn Khaldun said, religion and religious groups are tired of being an instrument in the hands of political parties. But despite a number of shortcomings in the Turkish and Islamic world, Turkey has the right to build a secular and democratic system. Therefore, Turkey should not meddle in disputes among mazhabs. To be noted that Turkey is far from the teachings of Shii, that's why to settle the disagreement between alevlizm of Anatolia and Sunnah, as well as preventing new conflicts.

**Колдонулган адабияттар**


- *Acimamatov, Zaylabidin.* Türkler'in İslamlaşma Sürecinde İslam Mezheplerinin Rolü. Магистратуралык диссертация. - Анкара, 2001.
- *Bahaddin Yazıcı*, Sıcak Nokta: Orta Asya –Orta Asya'da Yeniden Yapılanma ve Terör, Ozan yay. İstanbul. 2003
- *Bahaddin Yazıcı*. Sıcak Nokta: Orta Asya –Orta Asya'da Yeniden Yapılanma ve Terör, – Стамбул, 2003.
- *Fığlalı, Ethem Ruhi*. Çağımızda İtikadi İslam Mezhepleri. - Стамбул, 1999.
- *Muiniddin Ahmad Khan*. A Diplomat's Refort on Wahhabism of Arabia. Islamic Studies. vilt.7.–islamabad,1968.*Kurşun,Zekeriya*. *Necd*. ТДВИЭ. – Стамбул, 2006. 32-том. 491-492-бб.
- *Yüceer, İsa*. Kelam Fırkalarında Yöntem. –Konya, 2007.*Hulusi Yavuz*. Abdülaziz b. Suud TDV İA, ТДВИЭ. – Стамбул, 1988. 1-том. 194-195-бб.
- *Büyükkara,Mehmet Ali*. 11 Eylül'le Derinleşen Ayrılık: Suudi Selefiyye ve Cihadi Selefiyye. Dini Araştırmalar. 7-том. 20-саны.
- *Yarlıkapov A*. Kuzey Kafkasya'da Köktendincilik ve Vahabilik Sorunu Hatem Cabbarlı ve Araz aslanlı. Avrasya dosyası ASAM - Анкара, 2001. 4-саны.
- *Ибн Абдилваххаб, Мухаммад*. Китабул кабаир. –Рияд, 1987.
- *Baer, Gabriel*, Islam and Politics in Modern Middle Eastern Histroy. Islam and Politics in the Modern Middle East. Ed. MetinHeper, R.İsraeli. -London.1984.

- *Munson. Henri, J.R.* İslam and Revolution in the Middle East – London, 1988. 3-4.
- *Hizmetli, Sabri.* Orta Asya Türk Cumhuriyetlerinde Zararlı Akımlar ve Misyonerlik. –Алмата, 2007.
- *Uyanık, Mevlüt.* İslam Aklının Eleştirisi ve İçtihad. Kur'an'ın Tarihsel ve Evrensel Okunuşu. - Анкара, 2011.Uysal,Muhittin. Tasavvuf Kültüründe Hadis. –Кония, 2001.
- *Uyanık, Mevlüt.* İslam Aklının Eleştirisi ve İçtihad. Kur'an'ın Tarihsel ve Evrensel Okunuşu. - Анкара, 2011. Uysal,Muhittin. Tasavvuf Kültüründe Hadis. –Кония, 2001.


**Интернет булактары**


- http://www.gazeteport.com.tr/haber/135027/hizbullahtan-suriyede-dengeleri-degistiren-tercih;h Hikmet Gök Mısır darbesini Suudi Arabistan finanse ediyor! http://m.haber10.com/haber/default.aspx?id=389130#.UdVjoy-Vc94.twitter;
- http://www.aktifhaber.com/suudi-arabistan-darbeyi-neden-destekledi-819435h.htm
- http://www.kentgazetesi.com/haber.php?h=5550-_misir_darbesine_destegin_belgesi!_.html
- http://www.wsj.com.tr/article/SB10001424127887323407104579036710962999646.html,
- http://yenisafak.com.tr/politika-haber/mezhepcilik-fitnesini-bitirmek-zorundayiz-28.08.2013-558567http://www.aktifhaber.com/erdogan-alevi-sunni-gerilimi-isteniyor-809973h.htm
- http://yenisafak.com.tr/politika-haber/amac-mezhep-gerilimi-24.06.2013-534967
- http://www.haberler.com/aribogan-alevi-sunni-fay-hattinda-yeni-gerilimler-4756581-haberi/
- http://www.acikistihbarat.com/Haberler.asp?haber=2781
- http://yenisafak.com.tr/yazarlar/AkifEmre/el-kaide-gercekten-var-mi/39636, http://yenisafak.com.tr/yazarlar/AkifEmre/mali-dersleri-tabansiz-direnis-kime-yariyor/36065
- http://www.haberlotucom/?author=28&paged=4; http://www.ixirhaber.com/arastirma-dizi/islam-demokrasi-ve-siddet-baglaminda-kokten-din-cilik-kavraminin-tahlili-h23826.html